# Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2016-жылдын январь айы)*

**1-график. МКО сунушунун, суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рынокто Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлгөн, мында аталган министрлик тарабынан 2 жылдык мамлекеттик казына облигациялар (мындан ары - МКО) гана сунушталган. МКОнун жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырганда 62,5 пайызга төмөндөө менен 450,0 млн сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде суроо-талаптын көлөмү ай ичинде 10,1 пайызга төмөндөө менен 389,5 млн сомду түзгөн, мындан улам рыноктун катышуучулары тарабынан 389,5 млн сом суммасына (-10,1 пайыз) 2 жылдык баалуу кагаздар сатылып алынган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик казына облигациялары боюнча орто айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 0,5 п.п. көбөйүү менен 16,2 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн.

**2-график. МКО сунушунун, суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Жыл башынан тартып жүгүртүүдө мамлекеттик казына облигацияларынын көлөмү 9,9 млрд сомго чейин (-1,3 пайыз) азайган. Мында, негизги ээлик кылуучулардын – институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн -1,2 пайыздык пунктка (60,7 пайызга чейин) көбөйүшү байкалган. Коммерциялык банктардын салыштырма салмагы тескерисинче 1,2 п.п. төмөндөп, 39,1 пайыз өлчөмүндө калыптанган. Юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы мурдагыдай эле ай ичинде өзгөрбөстөн 0,3 пайызды түзгөн.

Айдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик казына облигацияларынын биринчилик рыногунда концентрациялануу индекси 0,36 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүү менен рынокто бирдей үлүшкө ээ үч инвесторлордун катышкандыгына дал келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда мамлекеттик казына облигациялары менен операциялар 54,0 млн сом суммасында ишке ашырылган.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. Инвесторлор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.02.2015 | 7 493 150,0 | 3 523 928,0 | 47,0 | 3 902 472,0 | 52,1 | 6 700,0 | 0,1 | 60 000 | 0,8 | 50 | 0,0 |
| 01.03.2015 | 7 717 100,0 | 3 601 628,0 | 46,7 | 4 108 772,0 | 53,2 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| 01.04.2015 | 8 103 650,0 | 3 706 678,3 | 45,7 | 4 390 221,7 | 54,2 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.05.2015 | 8 009 150,0 | 3 612 178,3 | 45,1 | 4 390 221,7 | 54,8 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.06.2015 | 7 977 150,0 | 3 475 792,3 | 43,6 | 4 494 607,7 | 56,3 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.07.2015 | 7 672 150,0 | 3 435 898,4 | 44,8 | 4 229 501,6 | 55,1 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.08.2015 | 8 126 150,0 | 3 685 898,4 | 45,4 | 4 433 501,6 | 54,6 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.09.2015 | 8 663 450,0 | 3 928 015 | 45,3 | 4 723 685 | 54,5 | 11 700 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.10.2015 | 9 083 650,0 | 3 926 018 | 43,2 | 5 145 882 | 56,6 | 11 700 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.11.2015 | 9 472 140,0 | 4 062 208,9 | 42,9 | 5 399 681,1 | 57,0 | 10 200,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.12.2015 | 9 824 161,3 | 4 110 364,2 | 41,8 | 5 685 381,1 | 57,9 | 28 366,0 | 0,3 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.01.2016 | 10 037 261,3 | 4 042 364,2 | 40,3 | 5 966 481,1 | 59,4 | 28 366,0 | 0,3 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.02.2016 | 9 909 750,6 | 3 870 305,9 | 39,1 | 6 011 028,7 | 60,7 | 28 366,0 | 0,3 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |